	И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети
	БИЛИМ САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫ
	ДП 03-1

ЖАКТЫРЫЛДЫ
И.Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кеңешинин отурумунда
Протокол № 2
«28» 10 2026-ж.

БЕКИТЕМИН
И.Раззаков атындагы КМТУнун
ректору _____ Чыныбаев М.К.

Буйрук № 1/219
«28» окт. 2026-ж.

И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ПРАКТИКА ЖАНА КАРЬЕРА БОРБОРУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

Бишкек, 2026

ӨЗГӨРТҮҮ БАРАКЧАСЫ

УЧА версия-сынын №	**Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген бөлүмдүн/пункттун № же абзац (бетти көрсөтүү менен)**	**КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин № ..... протоколу жана датасы**
1		Окуу метод.кенештин Протоколу № 1 25.10. 2019 ж.
2	КМТУнун кайра уюштурулгандыгына жана жогорку билим берүү жаатындагы укутук-ченемдик актылардын өзгөртүлгөндүгүнө байланыштуу толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилди	Окумуштуулар кеңешинин протоколу № 2, 28.10. 2026 ж.
	.	

1. Жалпы жоболор

1.1. Практика жана карьера борбору (мындан ары — Борбор) И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин (мындан ары — КМТУ, Университет) түзүмдүк бөлүмү болуп саналат жана билим алуучулардын практикалык даярдыгын уюштурууну жана координациялоону, иш берүүчүлөр менен өз ара аракеттенүүнү өнүктүрүүнү, кесиптик багыт берүүгө, карьералык өнүгүүгө жана бүтүрүүчүлөрдү жумушка орноштурууга көмөк көрсөтүүнү камсыз кылат.

1.2. Борбор өз ишин Окуу башкармалыгы, институттар, жогорку мектептер, кафедралар, колледждер, Университеттин түзүмдүк бөлүмдөрү, иш берүүчүлөр, кесиптик бирикмелер, мамлекеттик органдар жана башка кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү аркылуу жүзөгө ашырат.

1.3. Борбор Университеттин академиялык иштер боюнча проректоруна (мындан ары — АИ боюнча проректор) түздөн-түз баш иет.

1.4. Окуу башкармалыгы менен макулдашууну талап кылган практиканы уюштурууга байланыштуу маселелер Борбор тарабынан белгиленген компетенциянын чегинде чечилет.

1.5. Борбор Окуу башкармалыгы менен ыйгарым укуктарды жана жоопкерчиликти так бөлүштүрүү, функциялардын кайталанышына жол бербөө принцибинин негизинде өз ара аракеттенет.

1.6. Борбор өз ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, билим берүү жана эмгек чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды, КМТУнун Уставын, Окумуштуулар кеңешинин чечимдерин, ректордун жана академиялык иштер боюнча проректордун буйруктарын, Университеттин ички ченемдик актыларын жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

1.7. Борбор институттардын, жогорку мектептердин, кафедралардын жана колледждердин практикага мазмундук жетекчилик кылуу жана билим берүү программаларын ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктарын өзүнө албайт. Ал өз компетенциясынын чегинде практикалык даярдыкты уюштурууну координациялоону, коштоону жана мониторинг жүргүзүүнү камсыз кылат.

1.8. Борбордун түзүмүнө Борбордун жетекчиси жана башкы адиси кирет. Борбордун штаттык саны Университеттин штаттык ырааттамасы менен аныкталат.

1.9. Борбордун иши төмөнкү негизги багыттар боюнча жүргүзүлөт:

- практикалык даярдыкты уюштуруу;
- иш берүүчүлөр менен өз ара аракеттенүү;
- жумушка орношууга көмөк көрсөтүү;
- билим алуучуларга карьералык колдоо көрсөтүү;
- кесиптик багыт берүү;
- эмгек рыногуна мониторинг жүргүзүү;
- бүтүрүүчүлөр менен өз ара аракеттенүү;
- өнөктөштүк мамилелерди өнүктүрүү;
- билим берүү программаларын өркүндөтүүгө катышуу;
- аналитикалык иш жүргүзүү;
- практикадан өтүү жана жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалыматтык камсыздоо;
- Университет менен иш берүүчүлөрдүн ортосундагы практикага багытталган өз ара аракеттенүү формаларын өнүктүрүү.

2. Борбордун максаты жана милдеттери

2.1. Борбордун ишинин негизги максаты — билим берүү процессин практикалык ишмердүүлүк, эмгек рыногунун керектөөлөрү жана иш берүүчүлөрдүн кесиптик талаптары менен натыйжалуу байланыштырууну камсыз кылуу, ошондой эле Университеттин билим алуучуларынын жана бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик жактан калыптанышына жана карьералык ийгиликтүү өнүгүшүнө шарт түзүү.

2.2. Борбордун негизги милдеттери:

- билим алуучулардын практикалык даярдыгын уюштуруу жана координациялоо;
- Университеттин иш берүүчүлөр жана социалдык өнөктөштөр менен туруктуу өз ара аракеттенүүсүн калыптандыруу жана өнүктүрүү;

- билим алуучуларга практикадан, стажировкадан өтүү жана практикалык тажрыйба алуу мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу;
- бүтүрүүчүлөрдү жумушка орноштурууга жана билим алуучулардын карьералык өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү;
- Университеттин өнөктөш иш берүүчүлөрүнүн, уюмдарынын жана ишканаларынын маалымат базасын түзүү;
- эмгек рыногунун керектөөлөрүн жана бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларына карата иш берүүчүлөрдүн талаптарын изилдөө;
- практикага багытталган окутууну өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү;
- иш берүүчүлөрдүн талаптарын жана практикалык даярдыктын жыйынтыктарын эске алуу менен билим берүү программаларын өркүндөтүүгө катышуу;
- билим алуучуларга кесиптик багыт берүү, карьералык консультацияларды уюштуруу жана кесиптик компетенцияларын өнүктүрүү боюнча иш-чараларды өткөрүү;
- бүтүрүүчүлөр жана иш берүүчүлөр менен кайтарым байланыш системасын калыптандыруу жана колдоо;
- практикалык даярдыктын, бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусунун жана карьералык өсүшүнүн жыйынтыктарына мониторинг жүргүзүү;
- экономиканын ар түрдүү тармактарындагы уюмдар жана ишканалар менен өнөктөштүк мамилелерди өнүктүрүү.

3. Борбордун функциялары

3.1. Практикалык даярдыкты уюштуруу

Борбор төмөнкү функцияларды аткарат:

- билим берүү программаларына жана окуу пландарына ылайык билим алуучулардын практикалык даярдыгын уюштурууну координациялайт;
- практика базасы катары пайдаланылуучу уюмдардын жана ишканалардын тизмесин түзөт жана жаңыртып турат;
- практикадан өтүү үчүн орундарды берүү маселелери боюнча уюмдар менен өз ара аракеттенет;
- кызматташтык жөнүндө келишимдерди жана практиканы уюштуруу боюнча келишимдерди даярдоого жана түзүүгө катышат;
- институттар, жогорку мектептер, кафедралар жана колледждер менен биргеликте билим алуучуларды практика базаларына бөлүштүрүүнү координациялайт;
- билим алуучуларды практикага жөнөтүүнүн алдында аларды маалыматтык жактан камсыз кылат;
- билим берүү программаларына ылайык кафедралар тарабынан өндүрүштүк, диплом алдындагы жана практиканын башка түрлөрүн уюштурууга катышат;
- билим алуучулардын практика өтүүчү орундар менен камсыз болушуна мониторинг жүргүзөт;
- практикадан өтүүнүн белгиленген мөөнөттөрүнүн сакталышына мониторинг жүргүзөт;
кафедралар тарабынан берилген практикадан өтүүнүн жыйынтыктары жөнүндө маалыматтарды жалпылайт;
- уюмдардан практиканын жетекчилери берген пикирлерди талдоого катышат;
- практикалык даярдыкты уюштурууну өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгат.

3.2. Иш берүүчүлөр менен өз ара аракеттенүү

Борбор төмөнкү функцияларды аткарат:

-Университеттин өнөктөш иш берүүчүлөрүнүн маалымат базасын түзөт жана жүргүзөт;
жаңы иш берүүчүлөрдү издейт жана кызматташууга тартат;
- билим алуучулардын иш берүүчүлөр менен жолугушууларын уюштурат;
- бош жумуш орундар жарманкелерин, Карьера күндөрүн, компаниялардын презентацияларын жана башка иш-чараларды уюштурат;
- адистерди даярдоо маселелерин талкуулоого иш берүүчүлөрдү тартат;
- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапаты жөнүндө иш берүүчүлөрдүн пикирлерин жана сунуштарын чогултууну уюштурат;
- билим берүү программаларынын мазмунун өзгөртүү жана кесиптик компетенцияларды өнүктүрүү боюнча иш берүүчүлөрдүн сунуштарын жалпылайт;

- Университеттин ишканалар жана уюмдар менен узак мөөнөттүү өнөктөштүк мамилелерин түзүүгө катышат;
- мыйзамдарга жана Университеттин ички ченемдик актыларына ылайык иш берүүчүлөрдү практикага багытталган окутууну, стажировкаларды, дуалдык окутууну жана өз ара аракеттенүүнүн башка формаларын уюштурууга тартууга көмөк көрсөтөт.

4. Жумушка орношууга жана карьералык өнүгүүгө көмөк көрсөтүү

4.1. Борбор жумушка орношууга төмөнкүдөй жолдор менен көмөк көрсөтөт:
- бош жумуш орундары жана стажировкалар жөнүндө маалыматтарды чогултат жана таратат;
- билим алуучулар жана бүтүрүүчүлөр үчүн бош жумуш орундарынын маалымат банкын түзөт;
- жумушка орношууга көмөк көрсөтүүгө багытталган иш-чараларды уюштурат;
- жумуш издөө жана кесиптик карьераны пландаштыруу боюнча консультацияларды өткөрөт;
- резюме түзүү, маектешүүдөн өтүү, өзүн кесиптик жактан тааныштыруу жана жумушка орношуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча тренингдерди уюштурат;
- билим алуучулар менен бүтүрүүчүлөрдүн потенциалдуу иш берүүчүлөр менен түз байланыш түзүшүнө көмөк көрсөтөт;
- бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусуна мониторинг жүргүзөт;
- эмгек рыногунда бүтүрүүчүлөргө болгон суроо-талап жөнүндө аналитикалык материалдарды даярдайт;
- өз компетенциясынын чегинде билим алуучулардын жана бүтүрүүчүлөрдүн карьералык демилгелерин коштойт.

4.2. Борбор төмөнкү иштерге катышат:
- билим алуучуларга кесиптик багыт берүү;
- эмгек рыногунун талаптары жөнүндө түшүнүк калыптандыруу;
- заманбап кесиптер жана кесиптик өнүгүү траекториялары жөнүндө маалымат берүү;
- кесиптик карьераны пландаштыруу көндүмдөрүн өнүктүрүү;
- кесиптик коомдоштуктардын өкүлдөрү менен жолугушууларды уюштуруу;
- мастер-класстарды, тренингдерди, форумдарды жана карьералык башка иш-чараларды өткөрүү.

4.3. Борбор билим алуучуларда эмгек рыногуна ийгиликтүү чыгуу үчүн зарыл болгон компетенцияларды, анын ичинде кесиптик коммуникация, өзүн тааныштыруу, жумуш издөө жана иш берүүчү менен өз ара аракеттенүү көндүмдөрүн калыптандырууга көмөк көрсөтөт.

5. Бүтүрүүчүлөр жана иш берүүчүлөр менен өз ара аракеттенүү

5.1. Борбор Университеттин бүтүрүүчүлөрү менен өз ара аракеттенүүнү уюштурат.

5.2. Бүтүрүүчүлөр менен иштөөнүн негизги багыттары:
- бүтүрүүчүлөрдүн маалымат базасын түзүү жана жаңыртып туруу;
- бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат алуу;
- жумушка орношууга мониторинг жүргүзүү;
- бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик жетишкендиктерин аныктоо;
- бүтүрүүчүлөрдү Университеттин иш-чараларына тартуу;
- бүтүрүүчүлөр менен билим алуучулардын өз ара аракеттенүүсүн уюштуруу;
- даярдоонун сапаты жөнүндө кайтарым байланыш алуу;
- бүтүрүүчүлөрдүн коомдоштугун өнүктүрүү.

5.3. Бүтүрүүчүлөрдөн алынган маалымат билим берүү программаларына болгон суроо-талапты талдоо жана билим берүү процессин өркүндөтүү үчүн пайдаланылат.

5.4. Борбор Университеттин, иш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн жана билим алуучулардын ортосундагы кайтарым байланышты камсыз кылууга катышат.

5.5. Борбор бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик компетенцияларына карата иш берүүчүлөрдүн сунуштарын чогултат, практикалык даярдыктын жыйынтыктарын жалпылайт, иш берүүчүлөрдүн пикирлерин талдайт, эмгек рыногунун талаптары жөнүндө маалыматты институттарга жана кафедраларга берет, билим берүү программаларын жаңылоо боюнча сунуштарды талкуулоого катышат жана адистерди даярдоонун практикалык багыттуулугун күчөтүү боюнча сунуштарды киргизет.

6. Аналитикалык ишмердүүлүк

6.1. Борбор төмөнкү маалыматтарды чогултат, системалаштырат жана талдайт:
- практикадан өтүүчү орундар жөнүндө;
- практикадан өткөн билим алуучулардын саны жөнүндө;
- практикалык даярдыктын жыйынтыктары жөнүндө;
- бүтүрүүчүлөргө болгон суроо-талап жөнүндө;
- бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусу жөнүндө;
- суроо-талапка ээ кесиптер жана компетенциялар жөнүндө;
- иш берүүчүлөрдүн сунуштары жөнүндө;
- өнөктөш уюмдар менен өз ара аракеттенүү жөнүндө.

6.2. Борбор жыл сайын өз ишинин жыйынтыктары боюнча аналитикалык отчет даярдайт.

6.3. Талдоонун жыйынтыктары Борбордун ишин пландаштырууда, өнөктөштүк мамилелерди өнүктүрүүдө жана билим берүү процессин өркүндөтүү боюнча сунуштарды даярдоодо пайдаланылат.

7. Окуу башкармалыгы жана КМТУнун түзүмдүк бөлүмдөрү менен өз ара аракеттенүү

7.1. Борбор төмөнкүлөр менен өз ара аракеттенет:
- Окуу башкармалыгы;
- институттар, жогорку мектептер жана колледждер;
- кафедралар;
- Билим берүүнүн сапаты департаменти;
- Эл аралык байланыштар бөлүмү;
- маалыматтык жана санариптик түзүмдүк бөлүмдөр (Санариптик билим берүү борбору, - unet, AVN маалыматтык системасы, IT департаменти);
- Адам ресурстарын башкаруу бөлүмү;
- Укуктук иштер бөлүмү;
- Университеттин башка түзүмдүк бөлүмдөрү.

7.2. Борбор Окуу башкармалыгы менен билим алуучулардын практикалык даярдыгына, билим берүү программаларын ишке ашырууга, иш берүүчүлөрдүн жана эмгек рыногунун талаптарын эске алууга, ошондой эле практикалык даярдыктын жыйынтыктарын билим берүү процессин өркүндөтүүдө пайдаланууга байланыштуу маселелер боюнча өз ара аракеттенет.

7.3. Борбор менен Окуу башкармалыгынын өз ара аракеттенүүсү жоопкерчиликти бөлүштүрүү принцибинин негизинде жүзөгө ашырылат.

Иш багыты	**Практика жана карьера борбору**	**Окуу башкармалыгы**
Практиканы уюштуруу	Практика базаларын координациялоо, иш берүүчүлөр менен иштөө, келишимдерди түзүү	Окуу процессинин алкагында уюштуруучулук координациялоо
Практиканын мазмуну	Иш берүүчүлөрдүн сунуштарын чогултууга катышуу	Билим берүү программаларына жана окуу пландарына ылайык координациялоо
Практикага жетекчилик кылуу	Практика базалары менен өз ара аракеттенүү	Институттар жана кафедралар менен координациялоо
Жумушка орноштуруу	Негизги жоопкерчилик	Аналитикалык маалыматты алуу жана пайдалануу
Иш берүүчүлөр менен иштөө	Негизги жоопкерчилик	Билим берүү программаларына

		байланыштуу маселелер боюнча өз ара аракеттенүү
Эмгек рыногу	Маалыматтарды чогултуу жана талдоо	Билим берүү процессин пландаштырууда маалыматтарды пайдалануу
Билим берүү программалары	Иш берүүчүлөрдүн жана эмгек рыногунун сунуштарын берүү	Билим берүү программаларын жаңылоо жол-жоболорун координациялоо
Практикалык даярдыктын сапаты	Мониторинг жана талдоо	Жыйынтыктарды билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу системасында пайдалануу

7.4. Окуу башкармалыгы практикалык даярдык маселелерин билим берүү процессин уюштуруунун жалпы системасында координациялайт, ал эми Борбор иш берүүчүлөр, практика базасы болгон уюмдар жана башка социалдык өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүүнү камсыз кылат.

7.5. Институттар, жогорку мектептер, кафедралар жана колледждер билим берүү программаларына жана окуу пландарына ылайык практиканы мазмундук жактан уюштурууну камсыз кылат. Окуу бөлүмдөрү:

тиешелүү профилге ылайык практика базаларын камсыз кылат;

ишке ашырылып жаткан билим берүү программасынын алкагында практиканын программаларын жана практикага багытталган окутууга карата талаптарды иштеп чыгат;

билим алуучуларга зарыл документтерди берүү, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасы боюнча нускама өткөрүү менен практиканын өтүшүн уюштурат;

практиканын өтүшүн көзөмөлдөйт, практика боюнча отчетторду жана ОРМди кабыл алат;

отчеттук документтерди даярдайт жана Борборго берет.

7.6. Борбор Университеттин деңгээлинде практика базалары жана иш берүүчүлөр менен уюштуруучулук өз ара аракеттенүүнү камсыз кылат. Иш ордунда окутууну, анын ичинде практиканы уюштурууга байланыштуу ченемдик укуктук документтерди иштеп чыгууга катышат.

7.7. Практикалык даярдыкка мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары билим берүү процессинде пайдалануу үчүн Окуу башкармалыгына жана Университеттин тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүнө берилет.

7.8. Борбор Окуу башкармалыгына төмөнкү маселелер боюнча маалымат берет:

- практика базаларынын болушу жана абалы;
- уюмдар жана ишканалар менен түзүлгөн келишимдер;
- практикадан өтүүнүн жыйынтыктары;
- иш берүүчүлөрдүн пикирлери;
- практикалык даярдыкты уюштурууда аныкталган көйгөйлөр;
- адистерди даярдоону өркүндөтүү боюнча иш берүүчүлөрдүн сунуштары.

7.9. Окуу башкармалыгы Борбор берген маалыматты билим берүү процессин, билим берүү программаларын жана практикалык даярдыкты уюштурууну талдоодо жана өркүндөтүүдө пайдаланат.

7.10. Борбор Окуу башкармалыгынын практикалык даярдыкка, эмгек рыногунун талаптарына жана иш берүүчүлөр менен өз ара аракеттенүүгө байланыштуу жумушчу кеңешмелерине, талкууларына жана иш-чараларына катышат.

7.11. Билим берүү программаларын иштеп чыгууда жана жаңылоодо Борбор иш берүүчүлөрдөн жана башка кызыкдар тараптардан алынган сунуштарды жана маалыматтарды берет.

7.12. Билим берүү программаларынын, окуу пландарынын мазмуну жана билим берүү процессин уюштуруу боюнча чечимдер Университетте белгиленген тартипте тиешелүү ыйгарым укуктуу түзүмдүк бөлүмдөр жана коллегиалдуу органдар тарабынан кабыл алынат.

7.13. Борбордун, Окуу башкармалыгынын, институттардын жана жогорку мектептердин өз ара аракеттенүүсү координациялоо, маалымат алмашуу, кызматтык кат алышуу, кеңешмелерди өткөрүү,

иш-чараларды биргелешип уюштуруу, Университеттин жетекчилигинин тапшырмаларын аткаруу, ошондой эле ыйгарым укуктарды так бөлүштүрүү жана өз ара жоопкерчилик принциптеринин негизинде жүзөгө ашырылат.

8. Борбордун ишинин сапатын камсыз кылуу

8.1. Борбор практикалык даярдык, иш берүүчүлөр менен өз ара аракеттенүү, билим алуучуларга жана бүтүрүүчүлөргө карьералык колдоо көрсөтүү бөлүгүндө билим берүүнүн сапатын ички камсыз кылуу системасына катышат.

8.2. Борбордун функционалдык модели

Кириш маалыматтар	**Борбордун процесстери**	**Натыйжалар**
Билим берүү программалары	Практиканы уюштуруу	Билим алуучу практика өтүүчү орун менен камсыздалат
Окуу пландары	Иш берүүчүлөр менен өз ара аракеттенүү	Практика базаларынын саны жана мүмкүнчүлүктөрү кеңейет
Иш берүүчүлөрдүн суроо-талаптары	Келишимдерди түзүү	Өнөктөштүк мамилелер түзүлөт
Билим алуучулардын суроо-талаптары	Карьералык колдоо	Жумушка орношууга даярдык жогорулайт
Эмгек рыногунун талаптары	Эмгек рыногун талдоо	Суроо-талапка ээ компетенциялар жөнүндө маалымат алынат
Бүтүрүүчүлөр жөнүндө маалымат	Жумушка орношууга мониторинг жүргүзүү	Карьералык натыйжалар жөнүндө маалымат алынат
Иш берүүчүлөрдүн пикирлери	Кайтарым байланышты талдоо	Билим берүү программаларын өркүндөтүү боюнча сунуштар иштелип чыгат
Практиканын жыйынтыктары	Сапатка мониторинг жүргүзүү	Түзөтүүчү иш-чаралар ишке ашырылат

8.3. Борбор институттар жана кафедралар менен биргеликте төмөнкү көрсөткүчтөргө мониторинг жүргүзөт:
- билим алуучулардын практиканы уюштурууга канааттануусу;
- иш берүүчүлөрдүн билим алуучулардын даярдык деңгээлине канааттануусу;
- практикадан өтүүнүн жыйынтыктары;
- бүтүрүүчүлөргө болгон суроо-талап;
- иш берүүчүлөр менен өз ара аракеттенүүнүн натыйжалуулугу;
- жумушка орношууга көмөк көрсөтүү боюнча иш-чаралардын натыйжалары.

8.4. Аныкталган көйгөйлөр жана тобокелдиктер Борбор тарабынан талданып, Университеттин жетекчилигине жана кызыкдар түзүмдүк бөлүмдөргө маалымдалат.

8.5. Талдоонун жыйынтыктары боюнча Борбор түзөтүүчү жана алдын алуучу иш-чараларды өткөрүү жөнүндө сунуштарды иштеп чыгат.

8.6. Борбордун ишинин негизги көрсөткүчтөрү:
- Практика өтүүчү орундар менен камсыздалган билим алуучулардын үлүшү.
- Практика базасы болгон уюмдардын саны.
- Жаңы өнөктөш иш берүүчүлөрдүн саны.
- Түзүлгөн келишимдердин саны.
- Өткөрүлгөн карьералык иш-чаралардын саны.
- Карьералык иш-чараларга катышкан билим алуучулардын саны.
- Мониторингдин жыйынтыгы боюнча жумушка орношкон бүтүрүүчүлөрдүн үлүшү.

- Билим алуучулардын даярдык деңгээлине канааттанган иш берүүчүлөрдүн үлүшү.
- Практиканын уюштурулушуна канааттанган билим алуучулардын үлүшү.
- Билим берүү программаларын жаңылоодо эске алынган иш берүүчүлөрдүн сунуштарынын саны.
- Стажировкалардын жана практикага багытталган башка иш-чаралардын саны.
- Университеттин активдүү өнөктөштөрүнүн саны.

9. Борбордун укуктары

9.1. Борбор төмөнкү укуктарга ээ:
- өзүнө жүктөлгөн функцияларды аткаруу үчүн Университеттин институттарынан, жогорку мектептеринен, кафедраларынан жана колледждеринен зарыл маалыматтарды сурап алууга;
- өз компетенциясынын чегинде ишке ашырылып жаткан билим берүү программалары, билим алуучулардын контингенти жана практикалык даярдыкты уюштуруу жөнүндө маалымат алууга;
- Борбордун ишмердүүлүгүнө тиешелүү маселелер боюнча иш берүүчүлөр, уюмдар жана кесиптик бирикмелер менен өз ара аракеттенүүгө;
- иш берүүчүлөр жана билим алуучулар менен иш-чараларды өткөрүүнү демилгелөөгө;
практикалык даярдыкты жана карьералык колдоо көрсөтүүнү өркүндөтүү боюнча Университеттин жетекчилигине сунуштарды киргизүүгө;
- Борбордун компетенциясына кирген маселелер боюнча Университеттин жумушчу топторунун, комиссияларынын жана башка органдарынын жыйындарына катышууга;
- белгиленген тартипте Университеттин зарыл маалыматтык ресурстарына жетүүгө;
- Университеттин иш-чараларына иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн тартууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Университеттин ички ченемдик актыларына ылайык башка укуктарды пайдаланууга.

10. Жоопкерчилик

10.1. Борбор өзүнө жүктөлгөн функцияларды талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик тартат.

10.2. Борбордун жетекчиси төмөнкүлөр үчүн жеке жоопкерчилик тартат:
- Борбордун ишин уюштуруу;
- бекитилген иш пландарынын аткарылышы;
- берилген маалыматтардын аныктыгы;
- белгиленген мөөнөттөрдүн сакталышы;
- иш берүүчүлөр менен өз ара аракеттенүүнү уюштуруу;
- аналитикалык материалдардын сапаты;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Университеттин ички ченемдик актыларынын сакталышы.

10.3. Борбордун кызматкерлери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Университеттин ички ченемдик актыларына жана кызматтык нускамаларына ылайык жоопкерчилик тартышат.

11. Борбордун ишин уюштуруу

11.1. Борборду Университетте белгиленген тартипте кызматка дайындалуучу жана кызматтан бошотулуучу жетекчи башкарат.

11.2. Борбордун жетекчиси Борбордун ишин түздөн-түз уюштурат жана координациялайт, кызматкерлердин ортосунда милдеттерди бөлүштүрөт жана коюлган милдеттердин аткарылышын камсыз кылат.

11.3. Борбордун түзүмү жана штаттык саны Университеттин штаттык ырааттамасы менен аныкталат.

11.4. Борбордун кызматкерлеринин кызматтык милдеттери тиешелүү кызматтык нускамалар менен аныкталат.

11.5. Борбордун иши жылдык жана учурдагы иш пландарынын негизинде жүргүзүлөт.

11.6. Борбор өз ишмердүүлүгү жөнүндө отчетторду Университеттин жетекчилигине белгиленген мөөнөттөрдө берет.

12. Корутунду жоболор

12.1. Ушул Жобо Университеттин ректору тарабынан бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

12.2. Ушул Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор Университетте белгиленген тартипте киргизилет.

12.3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Университеттин түзүмү же практикалык даярдыкты уюштуруу тартиби өзгөргөн учурда ушул Жобо кайра каралууга тийиш.

12.4. Ушул Жободо жөнгө салынбаган маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Университеттин Уставы жана Университеттин ички ченемдик актылары менен жөнгө салынат.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

Академиялык иштер боюнча проректор: Э.И. Сырымбекова

Окуу башкармалыгынын начальниги: Н.Н. Кыдыралиев

Укуктук иштер бөлүмүнүн башчысы: А.Ж. Исраилов